УДК 10:894.341-83

# ФИЛОСОФИЯ ЖАНА КӨРКӨМ АДАБИЯТТЫН КАРЫМ-КАТЫШЫ (АЙРЫМ ЖАГДАЙЛАР)

Б.М.ЖУМАКАДЫРОВА
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

*Бул макалада эгемен жылдарында жарык көргөн айрым чыгармалар жана алардын философиялык маани-маңызы жөнүндө сөз козголот. Айрыкча, көркөм чыгармалардагы дүйнө таануу, адам, табият маселелери философиялык жагдайдан иликтөөгө алынды.*

*В статье идет речь о произведениях, которые были опубликованы в годы независимости, и некоторых философских проблемах. Рассматривается с философской точки зрения такие вопросы, как мировозрение, человек, природа и др.*

*In given article there is a speech about literary works which have been published in years of independence and some philosophical problems. It especially consider in books as such questions as - the person, the nature from philosophical aspect.*

Философия – инсандын, коомдун жана табияттын эң жалпы өнүгүү мыйзамченемдүүлүктөрүн изилдөөчү илим системасы. Бүгүнкү күндө кандай гана илим болбосун, анын башатында философия негизги өзөк болуп турат. Философия илиминин алдында чексиз маселелер, түгөнбөгөн суроолор турганы менен андагы башкы максат дүйнө-адам проблемасын ар тараптан изилдөө болуп саналат. Көркөм адабияттын милдети да ушул эле маселе. Философтор жооп издеп келген суроолор жазуучулар үчүн да башкы көйгөй. Көркөм адабияттын башкы айырмасы - болгону ал дүйнөнү образдуу чагылдырат. Айталык, Ж.Баласагындын “Кутадгу билиг” дидактикалык поэмасында “...пантеисттик, онтологиялык, гносеологиялык, социалдык-этикалык көз караштар чагылдырылып, аалам, табият, адамзат жөнүндө ары терең, ары бай таанып-билүүчүлүк ойлор” жыш орун алган. “Манас” эпосунда болсо, болуп көрбөгөндөй көп кырдуу мифологилык, диндик, философиялык көз караштардын системасы (дүйнөнүн чексиздиги, таанып-билип бүтпөстүгү, адам менен табияттын биримдиги, киши болмушу,анын баалуулугу, татаалдыгы, инсандын калыптанышы ж.б) бар. Демек мындай философиялык түшүнүктөр кыргыз адабиятында байыркы “Манас” эпосунан тартып, макал-лакаптарда, Асан кайгы, Жеңижок, Калыгулдун ж.б. айткандарында жашап, азыркы күнгө чейин уланып келет.

Эгемен жылдарында жарык көргөн чыгармалардын ичинен философиялык баа жеткис маани-маңызды өз ичине камтып турган салмактуу чыгарма – бул “Чыңгызхандын ак булуту”. Жалпыга белгилүү болгондой, повесть Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романына кошумча иретинде жазылган. Аталган романы 1980-жылдары жарык көргөндүктөн, цензуранын катаал күчүнөн улам, повестин жарыялаганга батынбаганын автор кийин ачыкка чыгарган. Демек, жазуучу өзү айткан “туулбай туна чөккөн” чыгармаларынын бири ушул “Чынгызхандын ак булуту” экенин белгилей кетүү керек. Көлөмү чакан бул повесттин ичинде “суук көздөн” сактай турган кандай улуу күч жатат? Сөз ушул жөнүндө болсун.

Биринчиден, Чынгызхан темасы жеке эле кыргыз адабиятында эмес, жалпы эле дүйнөлүк адабиятта жыш иштелген темалардан. Анын ата - тегинен тартып, балалыгы, жеке жашоосу, саясий ишмердиги, жасаган жүрүштөрү, ал тургай уулдары менен болгон мамилесине чейин жазылып келген. Бир сөз менен айтканда, айтылуу кол башчынын образы тарыхчылар менен жазуучулар тарабынан ийне - жибине чейин сүрөттөлүп, толук

изилденип бүткөндөй. Бирок Ч.Айтматов демейдегидей бул жолу да тобокелдикке салды. Жөн гана башкаларды ээрчип, монгол ханы туурасында мурунку айтылгандарды кайталап койгусу келбей, тапталган жол менен эмес, жаңы чыйыр менен кетти да, тарыхый улуу инсандын элесин байыркы легенданын негизинде кайрадан жаратты.

Легенданын өзөгүндө Чыңгызханга Көк тарабынан, Теңир тарабынан улуу касиет, ченебеген күч, баа жеткис белек-ак булут тартууланат. Ал эбегейсиз күчтүн, чексиз бийликтин символу. Булуттун жандап жүрүүсү бул женилбестикти түшүндүрөт. Көкө Теңир тарабынан мындай колдоого ээ болгон соң, ал дүйнө жүзүн багындырууга аттанат. Демек,мындан сызылып чыккан ой - бардык нерсенин себепчиси – бул Кудай. "Дүйнө жер, суу, аба, от сыяктуу стихиялардан жаралбастан, кудурети күчтүү Кудай тарабынан жаратылган, кудай реалдуулукту өз ыктыяры менен жок нерседен жараткан". Ал эми Чыңгызхан өзүн ошол Көктүн уулумун деген чечимге келет. "И из этого он делал вывод, что ему все дозволено. И с годами укреплялся в уверенности, что он и есть избранник Неба, что он и есть Сын Неба".

Качан каган батыщты көздөй багыт алганда көзүн тумандаткан бийликтин айынан жашоосундагы чоң катачылыкты кетирет. Ал өз максатына жетмейинче түмөндөгү аялдардын төрөөсүнө тыюу салат. Мына! Ушул нерсе - повесттин бүткүл тулку боюн аралап өткөн кызыл сызык, курч драматизмди, чыңалган психологизмди, терең философиялык жалпылыктарды өзүнө сиңирип турган башкы өзөк.

Каардуу кагандын үрөй учурган буйругу чыкканына карабастан ыңаалап ыйлап Догулан менен Эрдененин наристеси жарык дүйнөгө келет. Улуу каганга каяша кылууга ким батынды?! Кудуреттүү Чыңгызхандын башын аттаган ким?! Албетте, бул нерсе кечирилгис эмеспи. Бүтүн түмөндүн алдында күнөөлүүлөр өз жазасын алууга тийиш. Ошол көз ирмемдеги берилген буйрук менен Чыңгызхан өзүн жазалап жатканын аңдабайт. Адамзат жаралгандан бери жашап келе жаткан табигаттын улуу мыйзамына каршы чыгууга эч кимдин акысы жок. Адамзаттын төрөлүшүнө тыюу салуу - бул пенденин колундагы нерсе эмес. Бул идея чыгарманын өзүндө мындай саптар менен берилет: "Даже законы естества отвергал Чингизхан ради военных побед,кощунствуя над самой жизнью и над Богом.Он хотел и Бога поставить себе на службу, ибо зачатие есть весть от Бога".

Ал эми ак булут жеке автордун гана эмес, жалпы кыргыз адабиятындагы эң сонун табылга катары каралууга тийиш. Легенданын соңунда булуттун кичинекей наристеге өтүп кетүүсү да терең философиялык ойду туюнтуп турат. Негизи бул легенда өз алдынча турганда эч кандай саясий кысымга учурабай эле өз кезегинде жарыяланып кетмек. Бирок Ч.Айтматов аны Абуталип Куттыбаев менен байланыштырып, зор саясий маани-маңызды берүүнү максат кылгандыктан, повесттин жарык көрүшү кечендеп отуруп, ушул учурга туура келген.

Эгемен жылдарында мындай мифтин, легенданын негизинде жазылган мистикалык, фантастикалуу чыгармалар бирин-серин болсо да жарык көрүп турду. Ал эми мифология маселесине философияда өзгөчө назар салынары белгилүү. Анткени адамдар алгач өзүлөрүн курчап турган дүйнөнү түшүнүү үчүн, табиятты таануу үчүн, адамзаттын ордун аныктоо үчүн миң сандаган суроолорго жоопту мифологиялык түшүнүктөрдөн издешкен.

Мына ушундай чыгармалардын дагы бири - А.Стамовдун 1992-жылы чыккан "Жортуул" деген китебине кирген "Үч мээрим" повести. Автор өзү бул китептеги төрт повестин "бирдиктүү бир сюжетке байласа" да, алардын ар бирин өзүнчө бүткөн чыгарма катары да окуганга болорун эскертет. Алгач китептин өзү жөнүндө азыноолак сөз кыла кетели. "Жортуул" аталган бул чыгарманы жазууда автор жанрдык жактан да жаңылык киргизгени көрүнүп турат. Б.а кыргыз окурмандарына тарыхый повесттерден турган романын сунуштаган. Баарынан кызыгы, жогоруда айтып өткөндөй, алардын ар бири өз алдынча чыгарма катары да жашай алат. Андагы биринчи үч повесть тарыхый маселеге арналган. Ошондой болсо да "Жусуп адилет" аталган үчүнчү повестинде Ыйык Курандын

он экинчи сүрөөсүндө айтылган Жусуп менен Зулайканын окуясы киргизилген. Ал эми биз сөз кыла турган акыркы "Үч мээрим"повестин автор өзү "сүйүү жөнүндөгү легенда" деп атаптыр. Сөз ошол "базар экономикасынын шартында сындан өткөн повесть" жөнүндө болсун.

Чыгарма адегенде эле окурмандын бүйүрүн кызыта башталат. Бир караганда кадимки өткөн доордогу нагыз кыргыз турмушу, каада-салты, нарк-насили жөнүндө сөз бараткандай сезилет. Аздектеген кызын эч кимиси жок жолоочуга бергиси келбеген журт башы Самат ажо жигиттин шагын сындырбас үчүн гана кызынын колун сурап келип жаткан Бөрүбайга уулунун кеңеши менен калындын баасын бычып, "таап келсең, Арзыгүлдү сага кошуп аттантып жиберебиз" деп шарт коет. Ушул жерден жазуучу образ менен иштей ала турганын эң сонун көрсөткөн. Самат ажону адилет, баатыр адам катары сүрөттөп жаткандыктан, бечара жигиттен мал сурап турганы өөн учурабашы үчүн эки ооз сөз менен гана түшүндүрмө берип коет. "Самат жаман эмес, балдарым. Ал канчалык адилет болбосун өз доорунун кишиси. Ал кезде : "Каадасыз кыз болсо да, калыңсыз кыз болбойт" деген түшүнүк болгон". Туура, автор бул жерде Самат ажонун образын өз дооруна ылайык түзгөн. Кадырман журт эгеси "Балдардын көңүлү табышып калыптыр "деп бир ооз сөз айтпастан кызын белгисиз эле бирөөгө атказып жиберсе, анда таптакыр эле чындыкка кооошпой калмак. Андан ары окуянын өнүгүшү да кескин бурулушка учурайт. Жигиттин мынча мал таап келе албастыгын билгендиктен гана айтылган бул шартты дароо Баргы элинин мыктысы Жооpу илип алып,сураган калыңды алып келип, Самат ажону сөзүнөн кармайт. Баатыр сөзүн эки кыла албай кызын өзү менен тең чалга берүүгө макул болот. Бул эпизод кыргыз элинин сөз баккан, сөздү сыйлаган,сөзүн жерге таштабаган калк экенин көрсөтүүдө орундуу берилгенин айтпасак болбойт. Ошентип кыз колунда жок жетим жолоочуга эмес, байманасы ашынган Жооруга берилмей болот. Ызаланган Бөрүбай түн ичинде күйөөнү мууздай салып, айылдан биротоло качат. Окуянын мистикалуу түйүнү ушул экинчи сюжеттик окуяда биротоло чиеленишет.

Журт оодарып кеткен Бөрүбай кийин жыландын кызына үйлөнөт. Мындай нерсени окурмандарга ишенимдүү жеткирүү үчүн жазуучу адегенде Бакалбай куучунун чоор жана анын касиети жөнүндө айтып берген жомогун эскертүү катары т.а. жылан тукумун Бөрүбай өзү чоордун жардамы менен чакырып алганын бергиси келген. Анткени чоор Бакалбайдын айтуусунда "жандуу аспап". Ай –ааламды, жан-жаныбарды, адамзатты жаратканда Кудай байкоосуздан өзүнүн чоорун жерде унутуп кетет. Аны Адам ата менен Хава эне таап алып,бүткүл табиятты өз эркине баш ийдирип алат. Ошондо адам баласы өз алдынча эмгек кылууну үйрөнүшү үчүн Кудайдын өтүнүчү менен Кыдыр Алейхи Салам келип чоордун тулкусун,үнүн гана калтырып, ал эми касиетин алып кетет. Бирок ал баары бир тирүү аспап бойдон калат. Бул уламышта философиялык ыңгайдан көп суроолорго тымызын жооп иретинде бир канча маалыматтарды табууга болот. Алардын эң ирдүүсү- бул дүйнөнүн жаралуусу. Бардык фольклордук чыгармаларга мүнөздүү болгондой эле бул маселеде Кудай, Көк же Теңир түшүнүгү себеп болот.Экинчиден, адам жана табият маселеси.Уламыш боюнча адамдар чоордун жардамы менен табиятты каалагандай башкаруу кереметине : агып жаткан сууну токтотуп коюуга, шамал менен отту өз аркасынан ээрчитүүгө, жан-жаныбарлардын сезимин бийлөөгө ээ болушат. Ал эми реалдуу турмушта мындай болушу мүмкүнбү? Адегенде, алгачкы коомдук түзүлүштө адамдар табигый күчтөргө, жаратылыш мыйзамдарына кыңк дебей баш ийген. Бара-бара ага тең ата,атаандаштык мамиле кылууга өтүштү.Акырындык менен, адамдар табиятка "кол салып", аны "адамдаштыруунун" ыгын алып бара жатышат. Ал эми азыркы учурда табияттын үстүнөн толук бийлөөгө кызыкдар. Бул нерсе барып-келип олуттуу экологиялык глобалдуу проблемалардын жаралышына алып келүүдө. Мына ушул көз караштан алганда, А.Стамов өзүнүн философиялык ой-туюмун чыгарманын тереңине каткан. Ушундан улам, адамзатынын табият үстүнөн чексиз бийликке эгедер болуусунан чочулаган Кудай чоордун касиетин адамдарга калтырган эмес. Чоор- ийгиликтүү ойлоп табылган көркөм деталь катары мына ушул ойду берүүгө кызмат өтөйт. Окуянын андан

аркы жүрүшүндө ошол чоор үнүн ээрчип келген жылан Бөрүбайга ашык болуп адам баласына айланат. Анын жашыруун сыры узак убакыттан кийин гана ачыкка чыгат. Адамга айлануу бактысынан ажыраган жыланга толук кандуу адамга айлануу үчүн үч мээрим керек эле.

“Биринчи мээрим-бул махабат, эркек менен ургаачынын ортосундагы сүйүшүү. Ушул улуу нерсе айкашканда гана өмүргө өмүр уланат, анын чексиздиги, үзүлбөстүгү да ушул сезимге байланышат. Экинчи мээрим – бул энелик мээрим. Махабат канчалык ширин болсо, эне кудуретине ээ болуу, бала төрөө-ошончолук азап. Үчүнчү мээрим- бул баланын мээрими. Бала менен энени мээрими бири-бирине сиңишип өтүшмөйүнчө толук кандуу адам болуу мүмкүн эмес. Деги эле ушул үч мээрим-бири-бирине жуурулушуп, канығып, толуктап турганда гана адамзаттын өмүрү башка жаныбардыкына окшош эмес!”

Өмүр - жашоонун маңызын түзүп турган ушул түшүнүктөр эне жыландын насааты иретинде чыгармадан орун алат. Наристеси үчүн карегин азык кылып бергени бул экинчи мээримдин иш жүзүнө ашкандыгын көрсөтөт. Демек, көркөм чыгармадагы ойго сала турган идеялардын дагы бири - бул адам болуу - өтө татаал сыноолордон өтүүнү талап кылат дегени. Мисалы Ч.Айтматовдун “Адамга эң кыйыны күн сайын адам болуу” же болбосо “Канткенде адам уулу адам болот?” деген терең ойлуу акылман сөздөрүн эске алсак болот.

Жыйынтыктап айтканда, соңку жылдардын адабияты гүлдөп-өсүп кетпесе да, бир орунда туруп калган жок. Албетте, кемчилиги да, ийгилиги да болду. Жакшы-жаманын ылгабай “шедевр жазып жатам” деп айына үч-төрт китеп чыгаргандары да болду,окурманын ойлоп, нагыз көркөм дүйнөнү тартуулагандарды да көрдүк, кыргыз атын дүйнөгө алып чыккан улуу инсандарыбыздан ажыраган кейиштүү окуяларды да баштан өткөрдүк. Кыскасы адабият да, жашоо да өз нугу менен уланууда. Мунун өзү философия...

**Пайдаланылган адабияттар:**


1.Тогусаков О., Жумагулов М., Байбосунов К. Философия. – Б., 2007. .

2. Айтматов Ч. Белое облако Чингизхана . – Б., 1991.

3. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Б., 2004.

4. Садыков А. Адабият теориясы. - Б.:2004.

5. Стамов А. Жортуул. – Б., 1992.